# Тропикалык жемиштер



Автор: Мира Кокоева

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Тропикалык жемиштер

Автор:  Мира Кокоева
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021


Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Тропические фрукты*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) за исключением случаев, указанных ниже. түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Тропикалык жемиштер" (кыргыз тилинде), автор Мира Кокоева, Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган.
Төмөнкү сүрөттөр жогорудагы китептин лицензиясынан алынып салынган. Ар бир сүрөт автордук укук ээсинин шарттарына ылайык жөнгө салынат. Сырткы бет @SuvorovAleksey, © SUVOROV ALEKSEY.; 4-б by valeria-aksakova, © 2021 www.freepik.com. https://www.freepik.com/premium-photo/wild-green-snake-wild-nature-forest-jungle-horizontal_1119863.htm.; 4-б passolas, © 2021 www.freepik.com.https://www.freepik.com/premium-photo/bear-jungle-animal-wild-sloth_2376415.htm; стр.5 Free-Photos, © 2021 www.pixabay.com. https://pixabay.com/ru/photos/%; 6-б Chainfoto6D, © 2021 www.freepik.com. https://www.freepik.com/premium-photo/morningfog-dense-tropical-rainforest-kaeng-krachan-thailand_2542279.htm#page=4&query=canopy+jungle&position=45.; 6-б wirestock, © 2021 www.freepik.com. https://free-photo/panoramic-shot-capuchin-monkey- lazily-sitting-long-palm-branch_10399893.htm.; стр.7 freepik , © 2021 www.freepik.com. https://www.freepik.com/premium -photo/exotic-tropical-foliage-rain-forest_3369670.htm.; 7-б wirestock, © 2021 www.freepik.com. https://www.freepik. com/free-photo/green-chameleon-sitting-tree-branchzoo_10944687.htm.; 8-бHans, © 2021 www.pixabay.com. https://pixabay.com/ ru/photos/%; 8-бGudkov.Andrey., © 2021 www.freepik.com. https:// www.freepik.com/premiumphoto/jaguar-lies-picturesque-tree-middle-jungle_11193553.htm.; 9-б welcomia, © 2021 www.freepik.com. https://www.freepik.com/freephoto/mossy-rainforest _ 1180439.htm#page=6&query=selva&position=14; 10-б nomadsoul1, © 2021 www.freepik.com. https:// www.freepik.com /premium-photo/scenic-green-mountains-anb-jungles-ceylon-landscape-sri-lanka_10637963 .htm.; 11-б arundoc, © 2021 www.freepik.com. https://www.freepik. com/premium-photo/fog-covers-distant-trees-limestone-mountain-side-laos_2805434.htm.; стр.12 Cbaile19, nakornthai, yingyaipumi, user12627046, © 2021 commons .wikimedia.org, www.freepik.com, yingyaipumi, https://commons.wikimedia.org /wiki/File:Victoria _amazonica,_2015-08-08_ Phipps_Conservatory,_ 08.jpg, https:// www.freepik.com/premium-photo/beautiful-rare-wild-orchidstropical-forest-thailand_4767155 .htm, https://www.freepik.com/premium-photo/heliconia-tropical-flower-thailand_3054983. htm#page=4&query=Heliconia&position=47, https://www.freepik.com/premium-photo/dense-fern-thickets_ 8351659.htm.; 13-б matcuz, narong27, kalawin, jimbophoto, © 2021 pixabay.com, www.freepik.com. https://pixabay.com/ru/users/matcuz-545267/, https://www.freepik.com/premium-photo/freshlyharvested-cocoa-from-cocoa-trees_6442548. htm, https://www.freepik.com/premium-photo/close-up-passion-fruit-vine_2146853.htm, https:// www.freepik.com/premium-photo/para-rubber-tree-latex-rubber-plantation-tree-rubber_7663715.htm.; 14-б Pavel Ševela, user17364411, zephoto, faabi, © 2021 commons. wikimedia.org, www.freepik.com. https://commons.wikimedia.org/wiki/File: Boa_ constrictor,_Va %C5%88kovka,_Brno_(2) .jpg,https: // www.freepik.com/premium-photo/blue-yellow-macaw_ 7602173.htm, https:/ /www.freepik.com/premiumphoto/humming-bird-flight-near-flower_ 5155504.htm#page=4&query=humming +bird&position=46 , https://www.freepik.com/premiumphoto/brazilian -red-birdeater-tarantula_7770132.htm#page=1&query= brazilian%20spider%20 tarantula&position=2.; 15-б gudkov, wirestock, passolas, gudkov, © 2021 www.freepik.com, https://www.freepik.com /premium-photo/capybara-near-river-grass_10539535.htm, https://www.freepik.com/free-photo/panoramic-shot-capuchin-monkey-lazily-sitting-long-palm-branch_10399893.htm, https:// www.freepik.com/premium-photo/bear-jungle-animal-wild-sloth_2376415.htm, https://www.freepik.com/premium-photo/jagua r-lies-picturesquetree-middle-jungle_11193553 .htm.;

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Жемиштердин адамдарга канчалык пайдалуу экендигин билесиңби?

Аларда көптөгөн витаминдер жана пайдалуу заттар бар.

Жемиштер адамдын дени сак, чыдамкай, шайыр болушуна жардам берет.

Ден соолугуңдун чың болушун кааласаң, тишиң бекем, териң жакшы, чачың көрктүү болсун десең, жемишти көп жешиң керек.

Биздин керемет жерибизде түркүн түрдүү жемиштер бар. Алардын бардыгын жашооңдо татып көрүүгө мүмкүн эмес.

Азыр кокос, ананас же киви жеп көрбөгөн кишини табыш кыйын.

Жогоруда аты аталган жемиштер кеңири тропик дүйнөнүн кичинекей гана бөлүгү эмеспи. Мен сени ушул керемет дүйнөгө саякатка чакырам!

Анда эмесе, кел, ажайып жемиштер менен таанышалы!





**Личи – кытай өргү**

Мөмөсү кызыл түстүү, тегерек. Даамы алчага окшош.

Мөмөнүн ичинде данеги бар. Абдан ширелүү, даамдуу, кээде кыйгыл болуп кетет. Кытайлар личини ажыдаардын көзү менен көп салыштырышат. Личини көбүнчө витаминдердин кампасы деп аташат.

Ал Кытайда, Индияда, Вьетнамда, Таиландда өсөт.





**Рамбутан – "түктүү жемиш"**

Кызыл түстөгү түксөйгөн, күлкүлүү кызыл топко окшогон жемиш. Бул жемиш теннис тобундай көрүнөт. Рамбутан Таиландга Малайзиядан келген. «Рамбут» малай тилинде «чач» дегенди билдирет.

Адатта кабыгы ачык кызыл, ал эми "түгү" жашыл келип, мөмөгө көрк берип турат. Рамбутандын ичинде таттуу маңызы бар.

Аны ден соолуктун жана сулуулуктун жемиши деп аташат.

Ал Таиланд, Вьетнам, Индия, Австралияда жана башка өлкөлөрдө өсөт.





**Мангустин**

Мангустин – кочкул кызыл түстүү, чоңдугу алмадай болгон жемиш. Желбей турган калың кабыгынын астында сарымсактын тиштери сыяктуу маңызы бар. Анын даамы шабдаалы менен кулпунайга окшоп таттуу, бир аз кыйгыл келет. Кээ бир мөмөлөрүндө жесе болгудай кичинекей данектери бар.

Мангустиндин кабыгынан бөлүнүп чыгуучу кызгылт ширени жууп салууга мүмкүн эмес.

Мангустиндин мекени – Таиланд, Индия. Бирок азыр ал башка өлкөлөрдө да өстүрүлүп жатат.

Курамында пайдалуу жана дары заттар көп болгондуктан, мангустинди таиланддыктар мөмөлөрдүн ханышасы деп аташат.





**Питахайя же ажыдаардын жемиши**

Булар кактус жемиштерине кирет. Абдан чоң, сүйрүсүнөн келген бул жемиштер кызыл, кызгылт же сары түстө болот.

Ичинде маңызы кичинекей данектүү келип, ак же кызыл түстө болот.

Питахайянын даамы назик, таттуу жана бир аз кычкыл болот. Адатта, аны киви же банан менен салыштырышат. Аны тең экиге бөлүп, маңызын кашык менен жеген оң.

Питахайя Мексика, Вьетнам,Таиланд, Индонезия, Филиппин сыяктуу тропикалык климаттуу өлкөлөрдө өсөт.





**Дуриан**

Дуриан − жемиштердин падышасы. Анын мөмөлөрү абдан чоң болуп, салмагы сегиз килограммга чейин жетет.

Жыты ушунчалык жагымсыз болгондуктан, аны коомдук жерлерге алып кирүүгө болбойт. Бирок мурдуңду жаап, даамын татып көрсөң, эмнеге аны "мөмөлөрдүн падышасы" деп атаганын түшүнөсүң.

Дуриан таттуу келип, жумуртка менен сүттөн жасалган кремге окшош болот. Дуриандын мекени – Индия, Таиланд жана Филиппин.





**Салак же жыландын жемиши**

Салак кичинекей тикендер менен капталган кызыл же күрөң тегерек жемиш болот. Салактын кабыгы сыртынан кабырчыктуу жыландын терисине түспөлдөш. Бул адаттан тышкаркы таттуу-кычкыл даамы бар жемиш.

Айрымдар аны курмага окшоштурса, кээ биреөлөр аны алмурутка, дагы биреөлөр жаңгак жыттанган банан менен ананастын аралашмасына салыштырат.

Бирок салак быша элек кезинде ден соолукка кооптуу болот. Ошондуктан аны бышкан кезинде жеш керек.

Ал Малайзия, Таиландда жана Индияда өсөт.





**Карамбола же "тропик жылдызы"**

Карамбола жылдызчага окшош болот.

Ал жемиш сырты кошо желет.

Жемиштин ичинде кичинекей уруктары бар. Бул жемиш жагымдуу жыттанып, ширелүү келет.

Даамы анча деле өзгөчө эмес. Бир аз таттуу жана ширелүү, алманын даамына окшоп кетет. Анын мөмөсү суусунду эң сонун кандырат.

Карамболанын мекени – Индия, Малайзия, Таиланд жана





**Лонган же "ажыдаардын көзү"**

Лонган кабыктуу картошкага окшош, ичинде жегенге жараксыз данектери бар кичинекей жемиш болот.

Эгерде жемишти экиге бөлсө, маңызындагы данектер чындыгында эле ажыдаардын карегине окшошуп турат. Анын данеги медицинада жана косметологияда колдонулат. Лонган жемиши абдан ширелүү, даамдуу жана жыпар жыттуу.

Бул дайыма жашыл болуп турган дарак Кытай, Таиланд, Тайван, Вьетнам жана Индонезияда өсөт.





**Нойна же кант алмасы**

Нойна – биз билген мөмөлөрдүн эч бирине окшобогон өзгөчө жемиш. Нойна жемиши бодуракай тери капталган кичинекей жашыл алмага окшош болот.

Мөмөнүн ичинде абдан жагымдуу, жыпар жыттуу маңызы жана көлөмү төө буурчактай болгон катуу уруктары бар.

Нойна кант алмасы катары белгилүү. Эгерде жемиш бышып жетилген болсо, анда ичин кашык менен жесе болот.

Нойнаны Индонезиянын Антиль аралында, Австралияда жана Кытайдын түштүгүндө өстүрүшөт. Жемиштин өзү эле эмес, анын тамырлары, жалбырактары, кабыгы, данектери да пайдалуу.





**Гуава**

Гуава же гуайява бардык тропикалык өлкөлөрдө кездешет.

Жемиш экзотикалык деп эсептелгенине карабастан, даамы өзгөчө эмес – быша элек алмуруттукундай. Мөмөлөрү тогологунан келип, алмурутка окшош.

Кабыгын, данектерин жана маңызын жесе болот. Жашыл, бир аз быша элек гуаваны туз менен калемпирдин аралашмасына малып жешет.

Бул жемиш кичинекей балдар үчүн абдан пайдалуу. Гуава Малайзия, Вьетнам жана Индонезияда өсөт.






**Кумкват**

Кумкват "фортунелла", "кинкан", "жапон апельсини" деп да аталат. Жапон тилинен которулганда кумкват "алтын апельсин" дегенди билдирет. Бул цитрус өсүмдүгү Кытайдын түштүгүндө жана тропикалык өлкөлөрдө өсөт.

Кумкваттын мөмөлөрү кичинекей, сүйрү апельсин же мандаринге окшош болот. Сыртынан өтө жука, жегиликтүү кабык менен капталган. Даамы бир аз эле кычкыл болбосо, апельсиндей эле.

Анын уруктары гана желбейт. Калганын толугу менен жесе болот.





**Кивано же мүйүздүү коон**

Киванону "мүйүздүү коон", "африка бадыраңы", "нгурия" деп да аташат. Кивано чындыгында чоң бадыраңга окшош болот. Муну жемиш эмес дегендер да бар.

Бул жемиш Африка, Жаңы Зеландия жана Америка континентинде өсөт. Кивано жемиши жумуру келип, узундугу 12 сантиметрге чейин жетет. Түсү бышканына жараша сары, кызгылт-сары жана кызыл болот. Маңызы жашыл түстө болуп, кандайдыр бир деңгээлде бадыраңды, бананды жана коонду эске салат.

Жемиш кабыгынан ажыратылбастан, бөлүкчөлөргө же экиге бөлүнүп, коон сыяктуу эле маңызы желет. Жетиле элек жемиштерди уруктары менен бирге жесе болот. Анткени алар жумшак болушат. Ошондой эле аны туздап жесе да болот.





**Помело**

Помело же кытай грейпфруту. Көп учурда аны грейпфрут менен салыштырышат. Мөмөсү тоголок формада болуп, салмагы он килограммга чейин жетет! Түрүнө жараша жашылдан жашыл-сарыга чейинки түстөрдө кездешет.

Кабыгы өтө калың келип, ичиндеги маңызы ак, ачык сары же кызгылт болушу мүмкүн. Маңызын бөлүкчөлөргө ажыратып турган калкалары бар. Ар бир бөлүкчөдө чоң талчалар жана майда ак уруктар бар. Помелонун даамы кыйгыл даамдуу, кээде таттуу же ачуураак болушу мүмкүн.

Помело Малайзия, Кытай, Япония, Вьетнам, Индия, Индонезия, Гаити, Израиль жана АКШда өсөт.





**Будданын колу (цитрон)**

Чындыгында мөмө колго окшош. "Будданын колуна" тектеш жемиштер – бул лимон жана апельсин. Бирок сыртынан караганда, аларга такыр окшобойт. Анын даамы лимонго окшош.

Бул өсүмдүктү Кытай, Япония жана Индиядан көп кездештирүүгө болот. Андан чай демдешип, кыям, мармелад жасашат. Ошондой эле аны косметологияда колдонушуп, атыр даярдашат.

Кытайда "Будданын манжалары" тумар катары үйдө сакталат. Аны ийгилик, бакыт жана узак өмүр алып келет деп ишенишет.



**Африкалык алмурут же дакриодес**

Африкалык алмуруттар түсү жана көлөмү боюнча биз билген кадимки баклажанга окшош болот.

Кабыгы кызгылт көк түстө. Бирок мөмөлөрдүн ичи жашыл болуп, сары майга окшошуп кетет. Алмурутту кайнатып, кууруп жесе да болот. Бирок аны көбүнчө, чийки жешет.

Бул жемиш Африканын батышында өсөт. Ошондой эле аны Нигериянын аймагынан да издеп тапса болот. Жергиликтүү тургундар аны "убэ" деп аташат.

Сен кайсы жемишти жактырасың?

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Мира Кокоева
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Сүрөттөр төмөнкү сайттардан алынган:
www.shutterstock, www.freepik.com, www.pixabay.com

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли